# Кредиттер

*(2017-жылдын 1-жарым жылдыгы)*

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




Коммерциялык банктардын депозиттер көлөмүнүн өсүшүнөн улам, отчеттук мезгил ичинде улуттук валютадагы кредиттердин артышы менен кредиттик портфелдин өсүшү байкалган.

Алсак, иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредиттик портфелинин көлөмү жыл башынан тартып 9,0 пайызга жогорулоо менен кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата 102,0 млрд сомду түзгөн. Мындай жогорулоо динамикасын негизинен, улуттук валютадагы кредиттер көлөмүнүн жыл башынан тартып 14,8 пайызга, 59,6 млрд сомго чейин өсүшү, ошондой эле валюта түзүүчүсүнүн 1,8 пайызга, сом эквивалентинде 42,4 млрд чейин өсүшү менен түшүндүрүүгө болот.

Кредит портфели курстун өзгөрүүсүн эске албаганда, жыл башынан тартып 9,1 пайызга көбөйгөн. Долларлашуу деңгээли отчеттук мезгилдин акырына карата 41,6 пайызды (-2,9 п.п.) түзгөн.

Мында, кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата 16,9 пайызды түзүү менен 1,4 п.п. төмөндөгөн. Мындай төмөндөө динамикасы улуттук валютада орточо салмактанып алынган пайыздык чендин 2,1 пайыздык пунктка, 20,2 пайызга чейин, чет өлкө валютасында - 1,1 п.п., 12,3 пайызга чейин төмөндөшүнө байланыштуу болгон.

Отчеттук мезгилде банк тутумунун кредит портфелинин сапаттуу мүнөздөмөлөрүнүн бир аз жакшырышы катталган. Алсак, мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген карыздын үлүшү 2,6 пайызды түзгөн, ал эми сандык мааниде мындай кредиттердин көлөмү жыл башынан тартып 3,0 пайызга төмөндөгөн. Ушуну менен катар эле кредит портфелинин жалпы көлөмүндө пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы жыл башынан тартып 0,4 п.п. төмөндөө менен 4,4 пайызды түзгөн.

Мындан тышкары, көпчүлүк банктардын портфели айрым тармактарда жогорку деңгээлде кала берген. Алсак, тармактарда банктардын кредит портфелинин концентрацияланууусун көрсөткөн 0,34 индекси, көпчүлүк банктардын кредиттерин айрыкча үч тармак ортосунда бөлүштүрүлүшүн көрсөтөт. Кредиттөө рыногунун жалпы концентрацияланууусунун көрсөткүчү 0,08 түзгөн, бул он эки банк ортосунда рынокту бөлүштүрүүгө эквиваленттүү.

**3-график. Кредиттердин тармактык структурасы (бир мезгил ичинде)**




Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча банктардын кредит портфелинин убакыт түзүмүндө кыска мөөнөттүү кредиттер көлөмүнүн төмөндөшү жана узак мөөнөттүү кредиттер көлөмүнүн көбөйүшү катталган. Алсак, узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшү (1 жылга чейин) 78,3 пайыздан 82,0 пайызга чейин өскөн (сандык мааниде – 10,3 млрд сом), кыска мөөнөттүү кредиттердин үлүшү 18,7 пайыздан 15,4 пайызга чейин (сандык мааниде – 1,8 млрд сом). Кредит портфелинин убакыт түзүмүнүн корректировкалоосу дюрация көрсөткүчүнө олуттуу деле таасир эткен эмес, ал 29,7 айды (жыл башынан тартып +1,3 ай) түзгөн.

Жаңыдан берилген кредиттердин жалпы көлөмү 2017-жылдын 1-жарым жылдыгы ичинде 53,1 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн, бул 2016-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу суммадан 11,1 пайызга жогору. Мында, улуттук валютада кредиттер 10,9 пайызга, 34,0 млрд сомго чейин өскөн, чет өлкө валютасында – 11,5 пайызга, сом эквивалентинде 19,0 млрд түзгөн.

**4-график. Улуттук валютасында бир мезгил ичинде берилген кредиттердин түзүмү**



**5-график. Четөлкө валютасында бир мезгил ичинде берилген кредиттердин түзүмү**




Отчеттук мезгил ичинде валюталар боюнча жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүүсүнүн төмөндөө тенденциясы байкалган. Алсак, улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2016-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 20,3 пайызды түзүү менен кароого алынып жаткан мезгил ичинде 5,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн, чет өлкө валютасында 2,3 пайыздык пунктка, 10,7 пайызга төмөндөгөн.

**6-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




**7-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**



Тармактар боюнча отчеттук мезгилде улуттук жана чет өлкө валюталарында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин ар багыттагы кыймылы байкалган. Мында, улуттук валютада эң төмөн чен боюнча кредиттер даярдоо жана кайра иштетүүгө берилген (мезгил ичинде орточо салмактанып алынган пайыздык чен 13,0 пайыз), ал эми эң жогорку чен боюнча кредиттер керектөө кредиттерине берилген (28,2 пайыз).

Чет өлкө валютасында чендер экономиканын бардык тармактарында төмөндөгөн. Бул валютада эң жогорку чен боюнча кредиттер ипотекага берилген (орточо салмактанып алынган пайыздык чен – 14,2 пайыз), ал эми эң төмөн чен боюнча кредиттер байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө (орточо салмактанып алынган пайыздык чен – 9,6 пайыз) берилген.